УДК 371.3

Боталиева У.А., Карасартова Ж.Б.
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНДА БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДАЯРДООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР**

*Бул макалада ар бир коомдун келечегин аныктоочу кесиптин бири болгон мугалимдикке болочок адистерди педагогикалык жогорку окуу жайларында даярдоо ишиндеги ёзгёчёлщктёр, педагогикалык талаптар жана айрым кёйгёйлщщ маселелер тууралуу сёз болмокчу.*

Дүйнөдө болуп өткөн зор өзгөрүүлөр жана башка өлкөлөрдүн Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасири элге билим берүүнүн ёнщгщщсщнщн проблемаларына жаңыча кароого, көнүп калган стереотиптерден жана көзкараштардан баш тартууга, бир катар баалар менен натыйжаларга зарыл болгон өзгөрүүлөрдү киргизүүгө, аларды өзгөргөн реалдуулук, жаңы кубулуштар жана тенденциялар менен туура келтирщщгө аргасыз кылууда.

Мындай реалдуулук Кыргызстандын эгемендүүлщккө ээ болушу деп эсептейбиз жана ал элге билим берүү системасына реформа жүргщзүү зарылдыгын пайда кылды.

Кыргыз Рсеупубликасында билим берщщ системасы эл аралык макулдашууларда жарыяланган принциптерге, ошондой эле адам укугунун жалпы декларациясына, элдик жана дүйнөлүк маданияттын гумандуу дөөлөттөрүнө негизделет.

Билим берүү системасындагы реформа балабакчадан университетке чейинки системанын бардык түйүндөрүн камтыды. Бирок, реформанын борборунда мектеп турат, анткени дал ошонун алкагында жаштардын өндүрүштүк ишке жана коомдук турмушка активдүү жана аң-сезимдүү катышуучу катары базалык даярдоо жүргүзүлөт.

Мектепте билим берүү системасы стабилдүү иштеп жатат. Статистикага кайрылсак, азыркы учурда 20084 мектеп иштеп, анда 1 млн. 112 миңден ашык окуучу окуйт экен.

Мектепте окуучуларга жетиштүү билимберүү проблемасы бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болуп саналат. Бүгүнкү күндө педагог кадрлардын жетишсиздиги 3200 кишини түзүүдө. Мугалимдик кесиптин дэңгээлинин ылдыйлашынын негизги себеби айлык акынын төмөндүгүндө болууда, ошондуктан көптөгөн мугалимдер турмуштун айынан өзүнүн кесибин таштап, башка тармакка өтүп кетүүдө.

Мугалимдердин жетишсиздиги, билимберүү мекемелеринин материалдык-техникалык негиздеринин начардыгы билимдин сапатына терс таасирин тийгизет.

Мугалимдик кесип ёзщнщн социалдык баалуулугун жана коом, мамлекет тарабынан колдоосун жоготуп, учурда мугалимдер жашоонун проблемасы менен убара болуусу бул кесипке жаштардын тартылуусуна да кедергисин тийгизүүдө.

Азыркы мезгилде өз каалоосу, кызыгуусу менен педагогикалык кесипке ээ болуу үчүн жогорку окуу жайларына тапшыргандардын саны өтө төмөндөөдө. Көпчүлүк педагогикалык адистикте окуп жатышкан студенттер башка адистиктеги факультеттердин сынагынан өтпөй калгандан кийин гана педагогикалык кесипке даярдоочу факультеттерден окуп жатышат. Ошондуктан педагогикалык адистикке окуган 1-курстун студенттеринен сурамжылоо иштерин жүргүзгёндө чет тили факультетинде окугандардын 1 % гана мугалим болуп иштейм десе, калган 99 % башка жумуштарды аташты. Ал эми кыргыз филологиясы, биология, математика адистиктериндеги студенттердин 7-10 % гана мугалим болорун, калган 90-93% аны каалабагандыктарын билдиришти.

Ошентип биз азыркы мезгилде мугалим болууну каалабаган, бирок ал адистикте окуп жаткан студенттерди бул кесипке тартуу, кызыктыруу, анын өзгөчө спецификасын ачып көрсөтүү максатында иш алып баруудабыз. Бизде бул

иштерди жүргүзүү кандайча жолго коюлган.

Биринчиден, студенттердин фундаменталдуу даярдыгы жогорку деъгээлде каралуу менен бирге окутуунун практикага багыттуулугу туура жолго салынган. Ошондуктан педагогикалык практиканы ётщщдё атайын студенттер щчщн методикалык кёрсётмёлёр даярдалган. Жаңы окуу пландары кеңири педагогикалык профилге багытталган, анын ичинде окутуу жана ошондой эле окуучулар менен тарбиялык иштерди жүргүзүүгө чоң көңүл бурулган.

Экинчиден, окуу пландын негизинде жаңы окуу программалары жана окуу китептери иштелип чыгууда. Аларда окутууну жашоо-турмуш менен жана келечектеги студенттердин практикалык ишмердүүлүгү менен байланыштыруу негизги орунду ээлейт.

Үчүнчүдөн, студенттердин окууга, эмгекке, тартипке карата жеке жоопкерчилигин өстүрүү, жогорулатуу. Болочок мугалим өзүндө коомдук активдүүлүктү, коллективде иш жүргүзүүнү, керектүү билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушу каралат.

Мына ушулардын негизинде биздин кафедранын негизги милдеттеринин бири педагогикалык адистиктеги студенттерди мугалимдин кесиптик иш-аракетинин өзгөчөлүгү жана маъызы жёнщндёгщ билимдер менен тааныштыруу, билимдерин кеңейтүү жана терең теориялык билимге ээ болууга багыт берүү, педагогикалык кесипке кызыгуусун калыптандыруу болуп саналат.

Педагогикалык кесиптин социалдык маанисин ачуу, мугалимдин аткарган функциялары жана ага коюлган талаптарды аныктоо, мугалимдин кесиптик иш-аракетинин мазмунуна мүнөздөмө берүү, Кыргыз Республикасындагы элге билим берүү системасынын структурасын жана элге билим берщщнщ уюштурунун принциптерин окутуу иштерин жүргүзүүбүз керек.

Мугалимдик кесипке ийгиликтүү ээ болуу, бир гана шарттын негизинде, дайыма тынымсыз жана системалуу түрдё өзүн-өзү тарбиялоо жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн негизинде гана ишке ашарына студенттердин ынануусун, көзкарашын калыптандыруу, профессионалдык жактан өсүүдөгү керектөөлөрүн тарбиялоо, педагогика жана психология областындагы жетишкендиктерди билгичтик жана сабаттуулук менен пайдалана билүүнү, жаңы методикаларды, окуу тарбиялоо ишинин жаъы формаларын жана түрлөрүн инновациялык жолдор менен колдонууну үйрөтүүдөбүз.

Мектеп жашап турган кезде К. Д. Ушинскийдин төмөнкү сөздөрү кебелбес чындык экендигин ар бир студентке жеткиришибиз керек: “Тарбиялоодо баардыгы тарбиячынын инсандыгына негизделиши керек, анткени тарбиялык күч инсандын жандуу булагынан гана агып чыгат. Эч кандай устав жана программа, кандай гана амалкёйлщк менен ойлоп табылбасын, эч кандай мекеменин жасалма организми тарбия ишинде инсанды алмаштыра албайт.... Тарбиялануучуга тарбиячынын түздөн-түз жеке таасирисиз анын мүнөзүнө жалгашуучу чыныгы тарбия мүмкүн эмес. Инсан гана инсандын өсүшүнө жана калыптанышына таасир көрсөтө алат, мүнөз менен гана мүнөздүү түзүүгө болот”.

Мугалимдик кесип бул – адамтаануу илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө тынымсыз щъщп кирүү. Дайыма адамдагы жаңы нерсени ачуу, жаңы нерсеге таъдануу, адамдын калыптануу процессин көрүп туруу экендигин болочок мугалимдерге түшүндүрүүбүз зарыл.

Адамдардын (балдардын) өмүрү, акыл-эси, мүнөзү, эрки, турмуштагы орду жана ролу, граждандык жана интеллектуалдык турпаты баардыгы бизге мугалимге байланыштуу.

Демек, биз – мугалимдер келечекте коомду андан ары өнүктүрө турган, адамзаттын жашоосунун гүлдөп өсүшүнө салым кошо турган жаш муундарды даярдап окутуп, билим берип, тарбиялап чыгарабыз. Бул иш-аракеттеги негизги инструмент –мугалимдин өзү, анын билими, методу жана өз предметин кесибин сүйүүсү. Бул тууралуу Л. Н. Толстой минтип айткан, “Окуучуну илим менен тарбиялагыъ келсе, ал илимди сүй жана толук бил, анан окуучулар сени сүйөт, а

сен аларды тарбиялайсың, а эгер ал илимди өзүң сүйбөсөң, аны канчалык оку деп мажбурласаъ да ал илим тарбиялык таасир бербейт".

Ошондуктан, азыркы кездеги мугалим адептик жактан тарбиялуу, идеалдык ишеними, кенен эрудиция жана маданияты менен өз ишинин билерманы жана демилгечиси жана педагогикалык чыгармачылыгы менен адамдарга, айрыкча окуучуларга щлгщ болушу керек.

Окуучулар менен өз ара мамилелерди туура түзүүгө, балдар менен пикирлешүүдө конфликттерди болтурбоо үчүн мугалимге жардам берүүчү педагогикалык такт жөнүндө студенттерге кеңири түшүнүк берүүбүз керек. Бул адамдардын ортосундагы ёз ара мамилелерди жөнгө салуучу адептик категорияны аларда калыптандыруубуз зарыл.

Гуманизм принцибине негизденген тактуулук жүрүм-турум, эң татаал жана карама-каршы кырдаалдарда да адамды сыйлоо сакталышын талап кылат.

Педагогикалык такт – мугалимдин кесиптик сапаты, чеберчилигинин бир бөлүгү, педагогикалык процессте максатка багытталган таасир этүү өлчөмүн, пикирлешүүнүн натыйжалуу стилин түзүүнү билүүсүн талап кылат.

Ошондой эле биз студенттерге педагогикалык чеберчиликтин төмөндөгүдөй элементтерине да ээ болуусуна жетишишибиз керек. Алар:

- мугалимдин гумандуулук багыттуулугу;
- кесиптик билими;
- педагогикалык жөндөмдүүлүгү;
- педагогикалык техникага ээ болуу.

<u>Багыттуулукту</u> идеалдар, кызыгуу, умтулуу түзөт, ошондуктан гумандуулук багыттуулук мугалимдин активдщщ кёзкарашында чагылдырылат.

<u>Кесиптик билим</u> – чеберчиликтин фундаменталдык негизи болуп саналат. Анын өзөгүн – өзүнүн предметин, аны окутуунун методикасын, психологияны жана педагогиканы билщщ түзөт.

<u>Педагогикалык жөндөмдүүлүк</u> – педагогикалык иш-аракеттин ийгиликтүү өтүшүнө жардам көрсөтүүчү психикалык процесстердин өтүү өзгөчөлүктөрү болуп саналат. Мисалы:

- коммуникативдик жөндөмдүүлщк – адамдарга болгон кызыгуу, чын ыкластуулук, адамдар менен байланышты сүйүү;
- перцептивдик жёндёмдщщлщк – кесиптик кёрёгёчтщк, эмпатия, педагогикалык интуиция;
- өзүн-өзү кармай билүү жөндөмдүүлүгү – эмоционалдык туруктуулук;
- оптимизм;
- креативдүүлүк – чыгармачылык менен иштей алуу.

<u>Педагогикалык техника</u> – бул мугалимдин жүрүм-турумун уюштуруунун формасы. Буга өз тулку боюна ээ болуу, психологиялык абалын башкара билүү, сүйлөө техникасына ээ болуу ыктары, дидактикалык, уюштуруучулук, өз ара аракеттешүү ыктары кирет.

Мугалим активдүү жана керектүү багытта тарбиялануучусуна таасир тийгизем десе, анда ал өзүн терең жана ар тараптан билүүсү зарыл. Ал өзүн башка биреөнүн көзү менен көрө, башка биреөнүн кулагы менен уга билүүсү керек. Бирок мындай жөндөм, билгичтик оңой менен дароо эле келе койбойт, ошондой болсо да бул эң зарыл.

Педагогикалык техника – өзүн кармай билүүнү, кырдаалды анализдеп түшүнү, тарбиялануучулардын психологиялык абалын түшүнүүнү, так, даана, таза жана өкүм сүйлөёнү талап кылат.

Мугалим өзүнүн психикалык ал-абалын башкара билүү үчүн өзүнө-өзү байкоо, өзүн-өзү анализдёё, ёзщн-ёзщ кёзёмёлдё, ёзщн-ёзщ сындоо жана өзүнө-өзү буйрук берүү тажрыйбаларына ээ болуш керек. Мына ушул тажрыйбалар иштелип чыккандан кийин гана мугалим ар түрдүү кырдаалда өзүн токтоо кармап, бул абалдан кантип чыгуу керектигин ойлонулган түрдө ишке ашырат.

Мына ушул жогоруда айтылгандардын бардыгын педагогикалык адистикке окуп жатышкан студенттерге “Педагогикалык кесипке киришүү” дисциплинасы жана “Педагогикалык чеберчилик” тандап окулчу курстарында берүү мүмкүнчүлүгү бар. Айрыкча “Педагогикалык чеберчилик” курсун окуп бүткөндөн кийин акыркы семинардык-практикалык сабакта “Бул курс мага эмне берди?” деген атайын суроо киргизилип, чакан эссе жазуу иши жщргщзщлёт.

Мына ушул эссенин жыйынтыгында студенттердин ары татаал, түйшүктщү, ошол эле учурда кызыктуу, сыймыктуу кесип жөнүндө ойлорунун, ал тургай айрым студенттердин мугалим болуп иштөөгө кызыгуусу жаралганын көрүүгө болот.

Муну менен эмне айтмакчымын, демек бул сабактар аркылуу азыркы жаштарды мугалимдик кесипке тартууга аз да болсо мүмкүнчүлүк бар экендигин, ал үчүн өзүбүз да педагогикалык тактка, педагогикалык техникага, педагогдук кесиптик жана инсандык сапаттарга ээ болуп, студенттерге үлгү болушубуз керек экедигин белгилеп кетким келет.

Бирок тилекке каршы, бул курстардын сааттары азыркы (2006-2007-окуу жылы) жаңы окуу пландары боюнча өтө кыскартылгандыгы өкүндүрөт. «Педагогикалык кесипке киришүү» болгону 28 саат, (мурда 36 саат болчу), ал эми «Педагогикалык чеберчилик» 36 саат (мурда 51 саат болчу) болуп калгандыгы педагогикалык адистерге педагогикалык кесипке ээ болуунун ийгиликтүү чечилишине, азыркы мезгилдеги жаштарды педагогикалык кесипке тартуу талабына карама-каршы көрүнүш катары эсептесек болот.

Дагы бир айта кетчү маселе, «Педагогикалык чеберчилик» тандап окулчу курсу айрым гана факультеттерде окутулат. Физика-техникалык, химия, биология жана математика адистиктери гана окуйт. Мүмкүн болсо бул курс бардык педагогикалык адистиктерге окулса, азыркы мезгилдин көйгөйлүү маселеси болуп турган мугалимдердин катарын толуктоого аз да болсо салым кошот беле деп ойлойм.

**Адабияттар**


1. «Шоокум» Илим, турмуш жана маданият журналы. –Бишкек, 2007.
2. «Билим шамы» газетасы. 2004-2007 ж.ж.
3. Основы педагогического мастерства. Под ред. И.А. Зязюна -М., 1989.